*Джунушалиева К.К.*
***Кыргызская Академия Образования***

# ЭЛ МУГАЛИМИ И.Б. БЕКБОЕВДИН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИНДЕ ИНСАНГА БАГЫТТАП ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# ОТРАЖЕНИЕ ВОПРОСОВ ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОГО ОБУЧЕНИЯ В НАУЧНЫХ ТРУДАХ НАРОДНОГО УЧИТЕЛЯ И.Б. БЕКБОЕВА

***Аннотация:*** *Бул макалада педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, Кыргыз билим берүү академиясынын академиги И.Б.Бекбоевдин илимий эмгектериндеги учурдагы билим берүү системасындагы негизги парадигмалардын бири инсанга багыттап окутуу маселелеринин чагылдырылышы талдоого алынды.*

***Аннотация:*** *В предлагаемой статье рассматривается отражения вопросов личностно-ориентированного подхода к обучению в научных трудах доктора педагогических наук, профессора, член-корреспондента АН Кыргызской Республики, Народного учителя Кыргызской Республики, академика Кыргызской академии образования И.Б.Бекбоева.*

***Annotation:*** *This article examines the issues reflect a student-centered approach to learning in the scientific works of Doctor of Pedagogical Sciences, professor, corresponding member of the Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, the National Teacher of the Kyrgyz Republic, Kyrgyz Academy of Education Academician I.B.Bekboeva*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Инсанга багыттап окутуу, окуучунун жөндөмдүүлүгү, окуу процессин уюштуруу, индивидуалдуулук.*

***Ключевые слова:*** *Личностно-ориентированное обучение, способность ученика, организация учебного процесса, индивидуальность.*

***Key words:*** *Personality-oriented training, the student's ability, organization of educational process, personality.*

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында дүйнөлүк глобалдашуу процессинин алкагында ар тараптуу жактан реформалоого жана жаңыланууга багытталган аракеттер жүрүп жатаканы баарыбызга белгилүү. Бул жаңылануу жана реформалоо иштердин мүнөзү биринчи кезекте өсүп келе жаткан жаш муундардын муктаждыгын, кызыгуусун, жөндөмүн эске алган билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу болуп эсептелет. Ал эми мындай билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн билим берүү процессинин теориялык жана практикалык тажрыйбаларын илимий жактан негиздеп жана дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы тажрыйбаларды улуттун кыртышына ылайыкташтыруу чоң талыкпас эмгекти, изденүүнү талап кылат. Мына ушул талыкпас эмгекти талап кылган ишти аркалап жүргөн, Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү педагог-илимпозу, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими И.Б.Бекбоевге таандык. И.Б.Бекбоевдин илимий эмгектеринин жана изденүүсүнүн негизин илимий методлогиянын классиктеринин принципиалдуу жоболоруна, учурдагы педагогика илиминин багыттарына, Кыргыз Республикасынын билим берүүнүнү өсүп-өнүгүүсү боюнча Мамлекеттик программаларынын мазмунуна жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбаларын талдоодон келип чыккан натыйжаларга негизделип, анын натыйжалары 260 тан ашык (14 монография, 47 окуу китеби, 41 окуу-методикалык куралдары болуп, жалпы илимий иштердин көлөмү 450 басма табак) илимий эмгектеринде жарык көрүп, азыркы учурда мугалимдердин күндөлүк жардамчысы катары кызмат өтөп келет. Бул цифрлар илимпоздун илимий-чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында сапаттык жана сандык чоң мааниге ээ экендигин далилдейт. Анткени, анын илимий эмгектеринин мазмуну адамдын руханий байлыгынын өсүп-өнүгүшүнө, жашоодо адамдык жана инсандык бийик касиеттерге ээ болуусуна түрткү берип, таалим-тарбиянын өзөктүү маселелерин камтып, билим берүүдө инсандык багыттап окутууну окуу процессинде ишке ашырууда орунттуу учурларга көңүл бурат. Жогорудагы белгиленген жоболорду кенен жана терең камтыган илимпоздун илимий эмгектеринин ичинен төмөндөгүлөрдү белгилесек болот:

Ориентация на личность. – Бишкек. «Педагогика», 2000. – 13 п.л

Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. «Педагогика», 2003. – 19 п.л.

Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. «Бийиктик», 2004, 2011. – 24 п.л.

Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек, «Улуу Тоолор». – 2015. – 24 п.л.

Бул монографиялык эмгектердин темасында көрүнүп тургандай алардын мазмуну билим берүү системасынын азыркы абалынын мүнөздүү белгилерин, инновациялык окутууга өтүүнүн структуралык элементтерин, “Инсанга багыттап

билим берүүнүн" талаптарын, окуу процессин уюштурууну индивидуалдаштыруу, окутуунун мазмунун дифференцирлөө, программаланган жана проблемалык окутуу, окутуу процессин илимий негизде уюштуруу маселелерин кеңири камтып, окурманга жөнөкөй, жеткиликтүү тил менен сунушталган. Тагыраак айтканда окумуштуу бул эмгектеринде учурдагы билим берүүнүн кризисттик абалын төмөндөгүдөй түшүндүрөт:

- Адистерди кесипке даярдоонун деңгээли менен коомдук талаптарынын арасындагы дал келишпестик;
- Билим берүүнүн традициялык максаттарынын анын азыркы милдеттерине туура келбегендиги;
- Билим берүүнүн негизги эки компонентинин (өткөн муундардын социалдык-маданий тажрыйбасына ээ болуусу менен адамдын социумда жашап эмгектенүүсүндөгү өзүнүн жеке тажрыйбасынын топтолушунун) бири бирине байланышпаганы.

Ал эми инсанга багыттап билим берүүдө инновациялык окутууга өтүү үчүн илимпоз педагогикалык системанын бардык структуралык элементтерин (мазмуну, методдору, формалары, каражаттары, натыйжалуулугу) кайра карап чыгуу зарылдыгын белгилейт жана төмөндөгүдөй талаптарды алдыга коет:

- Билим берүүнүн негизги баалуулугу инсандын оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу боюнча жеке индивидуум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу;
- Дифференцирленген, ар түрдүү деңгээлдеги окутуунун ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн альтернативдүү формаларынын болушу;
- Ар бир окуучуга анын жеке бөтөнчүлүктөрүнүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун өзү тандап алууга укуктун берилиши.

Жогорудагы ойду илимпоз "Билим берүү багытындагы мамлекеттик стандарттарды ишке ашырууда эске алынуучу эң зарыл маселелер"[9] аттуу илимий макаласында улантып, баланын өнүгүүсү жөнүндө учурдагы мектепте иштеп жаткан мугалимдер, ата-энелер, коомчулук үчүн эң зарыл болгон керектүү ойду билдирген: "**...**өзүн өзү өнүктүрүүнүн түпкү негизинде баланын инсан катары өзүн көрсөтүүдө анын өзүн өстүрүүсү, өзүнчө аракеттенүүсү, умтулуусу жатат. Теориялык жактан алганда мындай ойдон кынтык таппайсың. Ал эми практикалык жактан карасаң баланын өзүн өзү өнүктүрүүсүн өлтүрбөй, аны өстүрүүчү, бул жагынан болочок муунду кулпуртуп гүлгө айландыруучу мектепти кайдан табасың. Өзүн өзү өнүктүрүүнүн башаты баланы **интеллектуалдык** (ошол эле кезде **эмоционалдык жана практикалык багыттагы**) жактан атайын максатта тарбиялоону ишке ашыруу менен байланышат". Биз ушул эле фразадан илимпоздун учурда баланын инсан катары калыптануусундагы мектептеги окуу-тарбия иштеринин жана балага үй-бүлөдүгү тарбиянын маңызын кайда багыттоо зарылдыгын ачык-айкын берген. Анткени, көпчүлүк учурларда мугалим баланын өсүп-өнүгүшүндөгү жогорудагы көрсөтүлгөн үч негизги багытты айкалышытырбастан, алар жөнүндө түшүнүнгү да жок болуп жатканы өкүндүрөт.

"Окуучунун личностук сапаттарын жана жөндөмдүүлүгүн ачыктап өнүктүрүүгө этияттуулук мамиле" темасында жазылган илимий макалада илимпоз [10] "Личность" деген түшүнүгүнө "Личность – бул турмуштун жана ишмердүүлүктүн субъектиси, бул айланадагы турмушту жана өзүн өзү өзгөртүп түзүүчү адам" – деп түшүндүрмө берип, ага андан ары төмөндөгүдөй комментария берет: "...төрөлгөн бала өзүн өзү жөнгө салып туруучу организм болуп эсептелет, бирок ал азырынча личность эмес. Анын социалдык өзүн өзү уюштуруусунун өнүгүшү чындыгында нөлдөн башталат. Ошондуктан адам болуп төрөлөт, личность болуп калыптанат дешет. Личность болуу процесси татаал, карама-каршылыктуу, бул процесс адамдын айланасындагы социалдык чөйрөдөгү жана анын өз керт башындагы көп сандаган факторлор менен аныкталат. Ар бир эле адам өсүп өнүгүүнүн чыныгы личность боло турганындай, жагдай-шарттарды жана өзүнүн тагдырын өзгөтүп туруучу деңгээлге жетише албайт". Ушул эле абзацтагы бул ойлор адамдын инсан катары калыптануу процесси татаал жана ага көптөгөн ички жана сырткы факторлордун таасири чоң экендигин эскертет. Демек, биз педагогдор өзүбүздүн күнүмдүк жүргүзүп жаткан балага болгон мамилебиз, окуу-тарбия иштерибизде жогорудагы ойлорду дайым эске алуубуз зарыл. Андан ары илимпоз ушул эле макалада адамдык личностун маңызыны аныктоочу социалдык үч сапатка токтолгон:

1. Адамдын эмгекке болгон мамилеси
2. Коомдук ишмердүүлүккө жасаган мамилеси.
3. Адамдын башка адамдарга болгон карым-катнашы, башка адамдар менен жасаган мамилеси.

Демек, адамдын инсандык маңызы анын социалдык, личностук сапаттары менен аныкталат да толугу менен анын эмгегинде, коомдук ишмердүүлүгүндө, анын үй-бүлөдөгү, коллективдеги, коомдук жайлардагы бардык жүрүм-турумдарында ачылып көрүнөт. Биз кеп кылып жаткан макаланын дагы бир уникалдуулугу жагы андагы

инсандык багыттап окутууда колдонуулуучу «Личность», «индивид», «индивидуалдык», «субъект» деген терминдердин чечмеленип берилишинде.

«Индивид» терминин эгер адам жаратылыштагы жеке бир жан катары гана каралса, анда индивид деген термин колдонулаарын белгилеп, андан ары бул терминди төмөндөгүдөй чечмелеп берет: "... адамдык сапаттарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө карабастан ар кандай адамды, жаңы төрөлгөндү жана чоң кишини, дени соону жана оорулууну индивид дейбиз.

Качан индивид белгилүү бир (теориялык же практикалык, акыл же күч менен иштелүүчү ишмердүүлүктү сезимдүү жана максаттуу аткарганда жана ошол ишмердүүлүк процессинде айлана-чөйрөнү таанып билгенде жана кайра өзгөрткөндө гана аны субъект деп атоого болот".

Ал эми инсандын индивидуалдыгы (жекечилиги) жөнүндө илимпоз мындай деп жазат: "Ар бир адамдык индивиддин өзүнө таандык психикалык жана дене түзүлүшү боюнча кайталангыс өзгөчөлүктөрү болот (мисалы, алар дене түзүлүшү, мүнөзү, темпераменти, нерв системасынын тиби, керектөөлөрү, жөндөмдүүлүктөрү ж.б. боюнча айырманалышат). Адамдын индивидуалдыгы анын тукум куучулук шыгынын негизинде окутуу жана тарбиялоо процессинде ал жашап, тарбияланып жана иштеп турган социалдык шарттардын, коомдук чөйрөнүн таасири астында калыптанат". "Личность" термининин маңызы "...адам кандайдыр бир коомдун мүчөсү катары, адамдык карым-катнаштардын жана сезимталдык ишмердүүлүктүн субъектиси катары каралса, анда анын личносту жөнүндө кеп болот" деген ойду айтат. Демек, биз муну ар кандай эле адамдык индивид өзүнүн индивидуалдуулугу менен личность боло албайт деп түшүнсөк болот.

И.Б.Бекбоевдин дээрлик бардык эле эмгектеринде окуучунун жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү маселе орчундуу орунду ээлейт. Бул проблема ата-энелерди жана мугалимдерди, ошондой эле окуучулардын өздөрүн да абдан толкундатат, анткени адамдын өнүгүп өсүшүнүн маңызы катарындагы жөндөмдүүлүктөрдүн өсүшү жөнүндөгү жобо – бул фундаменталдуу жоболорунун бири болуп эсептелээрин илимпоз дайыма эскертип айтып келет. Жөндөмдүүлүктөр проблемасына байланышкан көп курч маселелер бар экендигин белгилөө менен бирге жөндөмдүүлүктөдүн келип чыгышы боюнча бири-бирине карама-каршы аша чапма эки көз караштын төмөндөгүдөй жазат: "...бирөөлөрү жөндөмдүүлүктөрдү тубаса деп эсептешет, алардын көз карашы боюнча чөйрө жана тарбия – булар адамдагы тубаса сапаттардын ачылып чыгышынын шарттары гана болуп эсептелет. Бул көз караштa алганда психология менен педагогиканын милдети баланын жалаң тубаса акылдуулук даражасын ачып билүүдөн гана турат. Жөндөмдүүлүктөргө карата болгон ашачапма экинчи көз караш – бул тубаса шарттардын ролун толугу менен танып, бардык адамдар ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө бирдей жөндөмдүү экендигин далилдөөгө аракеттенет. Бул көз караш адамдардын арасындагы жекече айырмачылыктарды көңүлгө албайт". Биз мындан окуу-тарбия процессинде адамдын жөндөмдүүлүктөрүн тубаса өзгөчөлүктөр жөндөмдүүлүктөдүн калыптанышынын ички шарттарынын бири болуп эсептелээрин эске алуу менен алардын ачылып көрүнүшүнө, пайдаланылышына оптималдуу шарттарды түзүү зарыл экендигин түшүнүүбүз зарыл. Бул айтылгандар бир эле мектеп кызматкерлерине эмес мектеп жашындагыларга да таандык. Анткени, жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүшү жогорку деңгээлде болгон окуучунун жүрүш-турушу, личностунун калыптануусу боюнча башкалардан кескин түрдө айырмаланып, жөндөмдүү окуучу окуу материалын сезимдүү түшүнбөй окуу маселелерин чечүүдө өз алдынча ой жүгүртүп, өз позициясын билдирет. Демек, окутуу жана тарбиялоо процессин окуучу бала өзүнүн күн сайын өсүп-өнүгүшүн баалагыдай, талдагыдай, бүтүм чыгаруудай кылып, уюштуруу зарыл экендигин эстен чыгарбообуз зарыл жана биз окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнүн толук ачылып пайдаланылышына шарт түзгөн болобуз.

Жогорудагыларды жыйынтыктоо ирээтинде айта кетүүчү нерсе, педагог-илимпоз-методист-уюштуруучу И.Б.Бекбоевдин илимий эмгектеринин дээрлик баардыгы бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын булуң-бурчунда окуп, иштеп жаткан жарандар үчүн жол көрсөтүүчү компас болуп эсептелет. Анткени, анын илимий эмгектери, айткан кептери учурдагы коомдо билим, тарбия жаатындагы болуп жаткан талаптарга жооп берип, жөнөкөй практик мугалимдин суроолоруна жооп берет деп айтуу менен бирге биз бул макалада илимпоздун эмгектеринин кичинекей эле бир чекесине сереп жасап, башкача айтканда "чалкып жаткан дарыянын бир тамчысына" эле көңүл бурууга аракеттендик.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б., Сейтешев А.П., Зарнаев Ж.З. Научные основы профессионального формирования личности. – Фрунзе. "Мектеп", 1989. – 6,5 б.т.
2. Бекбоев И.Б., Сейтешев А.П. Теоретико-методологические основы трудового воспитания учащихся. – Бишкек. "Мектеп", 1992. – 6,0 б.т

3. Бекбоев И.Б. Ориентация на личность. – Бишкек. “Педагогика”, 2000.– 13 б.т.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери.- Бишкек. “Педагогика”, 2003. – 19 б.т.
5. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. “Бийиктик”, 2004., 2011.– 24 б.т.
6. Бекбоев И.Б. Педагогикалык процесс: эски адаттар жана жаңы көз караштар. – Бишкек, 2005.-10 б.т.
7. Бекбоев И.Б., А.Алымбеков. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. –Бишкек. “Бийиктик”. - 2011,– 12 б.т.
8. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Бишкек. «Улуу Тоолор». – 2015. – 24 б.т.
9. Бекбоев И.Б. Билим берүү багытындагы мамлекеттик стандарттарды ишке ашырууда эске алынуучу эң зарыл маселелер // Высшее образование Кыргызской Республики, №1, 2013
10. Бекбоев И.Б. Окуучунун личностук сапаттарын жана жөндөмдүүлүгүн ачыктап өнүктүрүүгө этияттуулук мамиле // Эл агартуу, №5-6, 2014